| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КӨЛ ШААР**<br>**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**<br>**ШААРДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**<br>**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**<br>**ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**12.02.2026-ж. №96/13-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын, стратегиялык пландын 2025-жылда аткарылышы жана 2025-жылдын жыйынтыгы менен шаардык кеңештин токтомдорунун аткарылышы жөнүндө шаардын мэринин отчету**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 6-бөлүмчөсүнө, 48-берененин 12-бөлүмүнө ылайык Кара-Көл шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын, стратегиялык пландын 2025-жылда аткарылышы жана 2025-жылдын жыйынтыгы менен шаардык кеңештин токтомдорунун аткарылышы жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчетун, шаардык кеңештин туруктуу комиссияларынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кара-Көл шаарын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын стратегиялык пландын 2025-жылда аткарылышы жана 2025-жылдын жыйынтыгы менен шаардык кеңештин токтомдорунун аткарылышы жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчету канааттандырарлык деп табылсын.
2. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев) шаардын аймагындагы жерлерди иретке келтирүү, жол жээгине чыгып кеткен курулмаларды, тосмолорду алдыруу боюнча мыйзам чегинде тиешелүү иш алып барууну улантсын.
3. Кара-Көл шаарынын мэриясы ( Н.О.Орозбаев) Кара-Көл шаарындагы мыйзамсыз берилген жерлерди артка кайтарып алуу боюнча мыйзам чегинде тиешелүү иш-чараларды көрүүнү улантсын.

Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ШММБна (Т.М.Доулдаев), ал эми көзөмөлгө алуу шаардык кеңештин туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА |
|---|---|

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**12.02.2026-ж. №97/13-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын 2025-жылда аткарган иштери, муниципалдык менчиктин сакталышы, пайдаланышы, мамлекеттик сатып алуу боюнча конкурстардын өткөрүлүшү жана аткарылган иштердин сапаты боюнча муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысынын отчёту жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-бөлүкчөсүн жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин 8-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын 2025-жылда аткарган иштери, муниципалдык менчиктин сакталышы, пайдаланышы, мамлекеттик сатып алуу боюнча конкурстардын өткөрүлүшү жана аткарылган иштердин сапаты боюнча Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысы Т.М.Доулдаевдин отчётун, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын жана бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIII сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын 2025-жылда аткарган иштери, муниципалдык менчиктин сакталышы, пайдаланышы, мамлекеттик сатып алуу боюнча конкурстардын өткөрүлүшү жана аткарылган иштердин сапаты боюнча муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысы Т.М.Доулдаевдин отчёту канааттандырарлык деп табылсын.

**2.** Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) муниципалдык менчиктеги жерлерди ижарага берүүнүн тарифин жердин жайгашкан жерине ылайык өзгөртүү боюнча сунуштарды иштеп чыгып, шаардык кеңешке алып чыгуу сунушталсын.

**3.** Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) мамлекеттик сатып алуу боюнча конкурстарды өткөрүүдө сатып алынып жаткан товарлардын техникалык мүнөздөмөлөрүн так көрсөтүп, сапаттуу товарларды сатып алууну камсыздоо боюнча чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына (Т.М.Доулдаев), көзөмөлгө алуу шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына
( Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**12. 02.2026-ж.№98-13-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык бюджеттин 2025-жылдын жыйынтыгы менен тактaлган планын жана аткарылышын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесинин 12-бөлүгүнүн талаптарына ылайык Кара-Көл шаардык бюджеттин 2025-жылдын жыйынтыгы менен тактaлган планын жана аткарылышын бекитүү жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчётун, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановaнын кошумча маалыматтарын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIII сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Кара-Көл шаардык бюджеттин 2025-жылдын жыйынтыгы менен тактaлган планын жана аткарылышын бекитүү жөнүндө шаардын мэри Н.О.Орозбаевдин отчёту, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын начальниги Ж.Т.Осмонкуловдун, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановaнын маалыматтары эске алынсын.

**2.** Шаардык бюджеттин 2025-жылга бекитилген планы **204692,6 миң сом**, атайын каражатсыз **193167,6 миң сом** суммасында, тактaлган план **549 932,6 миң сом**, атайын каражатсыз **527450,4 миң сом** суммасында бекитилсин.

**3.** 2025-жылга Кара-Көл шаардык бюджетинин аткарылышынын:

- киреше бөлүгү **49284,4 миң сом**;
- чыгаша бөлүгү **480654,2 миң сом**,

анын ичинде бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары:

- киреше бөлүгү **17518,2 миң сом**;
- чыгаша бөлүгү **20698,6 миң сом** суммасында бекитилсин.

**4.** Шаардык мэриянын резервдик фондунун аткарылышы жалпы **2005,2 миң сом** суммасында бекитилсин.

**5.** 2026-жылдын 1-январына бош калган калдык каражат **77226,5 миң сом**, анын ичинде бюджеттик каражат **74609,7 миң сом**, атайын каражат **2616, 8миң сом** суммасында бекитилсин.

**6.** Бул токтомго көзөмөл кылуу жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамыткановa) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**12.02.2026-ж. №99/13-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата чыгымдар сметасынын түзүлүшү жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү тарабынан Кара-Көл шаарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин билдирүүсүн жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanын маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIII сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү тарабынан Кара-Көл шаарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanын маалыматы эске алынсын.

2. Кара-Көл шаарынын мэриясы ( Н.О.Орозбаев) :

-2022-жылдын январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышына жүргүзүлгөн мурдагы шайкештин аудиттин жыйынтыгында аныкталып, бирок азыркы күнгө чейин ордуна коюлбаган 65, 0миң сом “B.R.R. строй” ЖЧКсынын эсебинен бюджетке өндүрүү боюнча кечиктирилгис чараларды көрсүн.

-Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомунун талаптарын бузуу менен ашыкча штат бирдиктерин кармоонун эсебинен ири суммадагы бюджеттик жоготууларга жол берген кызматкерлерге мыйзам чегиндеги чаралар каралсын.

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен негизсиз эсептеп чыгарууга жол берген жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилиги каралсын.

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-ноябрындагы №711 токтомундагы белгиленген талаптарды эске албастан Жазы-Кечүү

жана Кетмен-Төбө аймактык башкармалыгын кызматкерлерине негизсиз эмгек акы төлөөгө жол берген жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилиги каралсын.

3. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган бардык мекеме-ишканалар негизги каражаттарынын эсебин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын аткарсын.

4. "Кара-Көл жылуулук менен жабдуу" муниципалдык ишканасы (Н.Ш.Шамурзаев) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча " Жобонун талаптарын бузууга жол берген тийиштүү кызматкерлерге тартип жоопкерчилиги каралсын.

5. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган бардык мекеме-ишканаларда бюджетти түзүү, пландаштыруу Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин принциптерине ылайык жүргүзүлсүн.

6**.** Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл башкармалыгына (Ж.Т.Осмонкулов), ал эми көзөмөлдөө шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
КАРА-КӨЛ ШААР
АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ
ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО
ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**12.02.2026-ж. №100/13-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын жайыттарды пайдалануу боюнча 2025-жылга бекитилген иш планынын аткарылышы жөнүндө отчёту**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесинин 2-пунктунун 6-бөлүкчөсүнө жана 3-пунктуна ылайык Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын жайыттарды пайдалануу боюнча 2025-жылга бекитилген иш планынын аткарылышы боюнча отчётун, Кара-Көл шаардык кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIII сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын жайыттарды пайдалануу боюнча 2025-жылга бекитилген иш планынын аткарылышы жөнүндө отчётун, Кара-Көл шаардык кеңешинин жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча комиссиянын маалыматы эске алынсын.
2. Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын жайыттарды пайдалануу боюнча 2025-жылда аткарган иштери жөнүндө отчёту канааттандырарлык деп табылсын.
3. Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына (Т.М.Доулдаев ) жайыттарды пайдалануу боюнча иш планда бекитилген жумуштарды так аткаруу милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу муниципалдык менчик башкармалыгына (Т.М.Доулдаев), ал эми көзөмөлдөө шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**12.02.2026-ж. №101/13-9** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаарынын мэриясынын ММБнын жайыттарды пайдалануу боюнча 2026-жылга иш планы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесинин 2-пунктунун 6-бөлүкчөсүнө жана 3-пунктуна ылайык жайыт жерлерин сарамжалдуу жана натыйжалуу башкарууну жана пайдаланууну камсыз кылуу максатында Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Жайыттарды пайдалануунун 2026-жылга иш планы, кирешелер жана чыгашалар сметасы 1-2-тиркемелерге ылайык бекитилсин.
2. 2026-жылга жайыт пайдалануу үчүн акы төлөөнүн өлчөмдөрү төмөндөгүдөй бекитилсин:
- бодо мал – 100 сом;
- жаш бодо мал – 70 сом;
- кой, эчки - 20 сом;
-жылкы - 100 сом.
3. Муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) пайдаланылган жайыт участоктору үчүн жер салыгын жыйноо жана келип түшкөн каражаттарды жергиликтүү бюджетке 2026-жылдын декабрь айына чейин чегерүү милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу муниципалдык менчик башкармалыгына (Т.М.Доулдаев), ал эми көзөмөлдөө шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Т.А.Мамытканова) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин 12.02.2026-ж. кезектеги XIII сессиясынын №101/13-9 сандуу токтомуна 1- тиркеме**

**Кара-Көл шаарынын мэриясынын ММБнын жайыттарды пайдалануу боюнча 2026-жыл үчүн**

**ИШ ПЛАНЫ**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Керектелүчү каражат суммасы (сом) |
|---|---|---|
| 1 | Гүдү, Тэпши, Абай, Как жайлоолорунуна баруучу жолдорду оңдоо | Ашар жолу менен |
| 2 | Жайлоолордун жолдорун ондоого, булактардын көзүн ачуу, короолоо | 162 800 |
| | | |
| | | |
| **Жалпы чыгым:** | | 162 800 |

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин 12.02. 2026-ж. кезектеги XIII сессиясынын №101/13-9 сандуу токтомуна 2- тиркеме**

**Кара-Көл шаарынын ММБнын жайыттарды пайдалануу боюнча 2026-жылга киреше Сметасы**

| **малдын түрү** | **малдын башы** | **жайыт пайдалануу үчүн (башына сом менен)** | **жайыт пайдалануу үчүн** |
|---|---|---|---|
| Ири мүйүздүү мал | 1058 | 100 | 105 800=00 |
| Кой | 1055 | 20 | 21100-00 |
| Эчки | 1400 | 20 | 28000-00 |
| Жылкы | 431 | 100 | 43100-00 |
| Жалпы | | | 198000-00 |
| Жердин ижара акысы | 70,27 (70270,27м2) | 4,44 | 312 000-00 |
| **Күтүлүчү кирешенин жыйынтыгы жалпы:** | | | **510 040=00** |

**Кара-Көл шаарынын ММБнын жайыттарды пайдалануу боюнча 2026-жылга чыгаша Сметасы**

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **Баары 2026-жыл үчүн** | **Кварталдар боюнча бөлүштүрүлүшү** | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **I** | **II** | **III** | **IV** |
| ШММБнын эсебине | 170 000 | 00 | 40 000 | 60 000 | 70 000 |
| Жолдорду оңдоп, булактардын көзүн ачуу, корооло | 162 800 | 00 | 62 800 | 70 000 | 30 000 |
| Жайыт жери үчүн салык | 177 200 | 00 | 35 000 | 65 200 | 77 000 |
| **Бардык чыгымдар** | **510 000** | **00** | **137 800** | **195 200** | **177 000** |

1 баш жылкы жана уй, топозго 100-00 сом, анын ичинен торпок, тайларга 70-00 сом , Кара-Көл шаары боюнча жайыт пайдалануу акысы 1баш кой жана эчкиге 20-00 сом. Жердин ижара акысы 1сотых -4 сом 44тыйын, анын ичинен 1га жер салыгы үчүн 6, 45 сом

**Жооптуу катчы** **Нурматова К.И.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
КАРА-КӨЛ ШААР
АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ
ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО
ГОРОДСКОГО АЙМАКА

**ТОКТОМ**
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**12.02.2026-ж. № 102/13-9** **Кара-Көл шаары**

**Жазы-Кечүү айылынын К.Мусуралиев дарегинде жайгашкан жергиликтүү бюджеттин жана "Атайын эсеп" мамлекеттик дирекциясынын каражаттарынын эсебинен курулган 52 657 929 ( элүү эки миллион алты жүз элүү жети миң тогуз жүз жыйырма тогуз) сомдук 100 орундуу "Алтын Казык" бала бакчасынын имаратын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын, "Мүлккө муниципалдык менчиги жөнүндө" Мыйзамынын 5 жана 6-беренесин жетекчиликке алып, курулушу аяктаган 100 орундуу "Алтын Казык" бала бакчасынын имаратын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына алуу жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэри Н.О.Орозбаевдин сунушун, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Жазы-Кечүү айылынын К.Мусуралиев дарегинде жайгашкан жергиликтүү бюджеттин жана " Атайын эсеп" мамлекеттик дирекциясынын каражаттарынын эсебинен курулган 52 657 929 ( элүү эки миллион алты жүз элүү жети миң тогуз жүз жыйырма тогуз) сомдук 100 орундуу "Алтын Казык" бала бакчасынын имаратын (бардык көмөкчү курулуштары жана жабдуулары менен) муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына алууга макулдук берилсин.

2. Кара-Көл шаарынын мэриясы (Н.О.Орозбаев), муниципалдык менчик башкармалыгы (Т.М.Доулдаев) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте ушул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды көрсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев) муниципалдык менчик башкармалыгына (Т.М.Доулдаев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев) жүктөлсүн.

**Төрага** **Кимсанов Ч.А.**